**Той ыры**

**Сөзү:** Нурматов Тургуналы

**Обону:** Нурматов Тургуналы

Кубанычтар дайра болуп агылып,

Келин келет ак шөкүлө жамынып.

Куттукташып жубайлардын үлпөтүн,

Той башталды той башталды

алакандар алакандар чабылып.

Бийлейли, бийлейли, жаш селки, турба!

Бийлейли, бийлейли, кошто жигит ырда.

Бактылуу болгула, ишке ашып оюңар,

Кут болсун, кут болсун үйлөнүү тоюңар

Бактылуу болгула ишке ашып оюңар,

Кут болсун, кут болсун үйлөнүү тоюңар.

Ак тилектер ак ниеттен айтылып,

Апалардын чачыласы чачылып.

Кана эмес ак-жол тилеп эки жашка,

Каалайлы, каалайлы, узун өмүр,

узун өмүр чексиз бакыт.

Бийлейли, бийлейли,жаш селки турба!

Бийлейли, бийлейли кошто жигит ырда.

Бактылуу болгула, ишке ашып оюңар,

Кут болсун, кут болсун үйлөнүү тоюңар.

Бактылуу болгула ишке ашып оюңар,

Кут болсун,кут болсун үйлөнүү тоюңар.

Жоодураган көздөр көзгө куралып,

Жашагыла жазгы гүлдөй буралып.

Абийирдүү, ар-намыстуу болсун деп,

Ата-энелер, ата энелер

бата берет,бата берет кубанып.

Бийлейли, бийлейли, жаш селки турба!

Бийлейли, бийлейли кошто жигит ырда.

Бактылуу болгула, ишке ашып оюңар,

Кут болсун, кут болсун үйлөнүү тоюңар.

Бактылуу болгула ишке ашып оюңар,

Кут болсун,кут болсун үйлөнүү тоюңар.